«Макулдаштырылды»

№1 педкенештин чечими

2020ж

«Бекитемин»

Б. Маленов орто мектебинин

мудуру: Сманалиева Ж.С

**Байдылда Маленов орто мектебинин**

**Жалпы билим берүү мекемелериндеги алдын алуу кеңештери жөнүндөгү типтүү жобосу**

1. Жалпы жобосу:

1.1.Кыргыз Республикасынын 25-июнь 2005-жылдагы "Кыргыз Республикасында укук бузуулардын алдын алуу жөнүндөгү" № 82-Мыйзамына жана Балдар Конвенциясынын негизине ылайык алдын алуу кеңештери түзүлөт.

2. Тапшырмалар жана иштин мааниси:

2.1.Негизги алдын алуу кеңешинин тапшырмалары болуп:

- Укук бузуучулукту, көзөмөлсүздүктү жана жеткинчек курактагы кылмыштуулукту алдын алуу;
- окуучулар арасында укуктук маданияттын жана мыйзамга баш ийүү жүрүм-турумун калыптандыруу;
- балалыктын укуктарын коргоо.

2.2.Кеңештин мүчөлөрү мектептерде укук бузуунун алдын алуу иш-мерчемдерин мерчемдөөдө катышат.

2.3.Алдын алуу кеңеши коомдук башкаруу орган катары сунуштоо мүнөзүндөгү чечимдерди кабыл алат жана мектеп администрациясы анын негизинде билим берүү мекеме боюнча буйруктарды кабыл алышы мүмкүн.

3. Алдын алуу кеңешинин курамы.

3.1.Алдын алуу кеңештери мектеп администрациясынын өкүлдөрүнөн, мугалимдик жамааттын мүчөлөрүнөн, ЖИИ кызматкерлеринен, уюштуруу мугалимдеринен, коомдук жана жергиликтүү коомдук алдын алуу борборлорунун өкүлдөрүнөн, ата- энелерден, жогорку класстын окуучулары жана ата-энелер комитетинин өкүлдөрунөн түзүлөт.

4. Алдын алуу кеңешинин түзүмү.

1.1.Алдын алуу кеңеши төраганы, төраганын орун басарын, катчысын жана комиссия мүчөлөрүн ачык шайлоо менен өкүлдөрдүн ичинен шайлайт.

1.2.Алдын алуу кеңешинин комиссиясы:

- "оор кырдаалдагы" үй-бүлөөлөр комиссиясы, үй-бүлөөлөрдүн, жашы жете электердин укуктарынын корголушу жана балалыкты социалдык жактан коргоо иштерин алып барат;
- "оор кырдаалдагы" окуучулар комиссиясы тартип, окуу, окуу процессин уюштуруу, укук бузуучулукту, көзөмөлсүздүктү жана жеткинчек кылмыштуулукту алдын алуу, окуучулардын жайкы эмгектенүү жана эс алуу маселелерин чечет;
- укуктук комиссия, жашы жете электер арасында укук бузуучулук жана кылмыштуулук боюнча комиссиясынын ишмердүүлүгүнүн иш-аракетин жөнгө салуучу керектүү документтерди иштеп чыгат, Алдын алуу кеңеши комиссиясынын жумушун багыттап, балдар иши боюнча комиссия, жергиликтүү балдарды коргоо жана үй-бүлөөнү колдоо бөлүмүнүн жана ЖИИ

кызматы менен байланыш түзөт. 5. Алдын алуу кеңешинин ишмердүүлүгүн уюштуруу:
5.1.Алдын алуу кеңеши өзүнүн жыйынын эреже боюнча айына бир жолу өткөрөт, керек болгон учурда отурум кезексиз болушу мүмкүн.
5.2.Алдын алуу кеңеши чечимин жөнөкөй көпчүлүк добуш менен, отурумдагы мүчөлөрүнүн 2/3 бөлүгү катышса кабыл ала берет.
5.3.Алдын алуу кеңеши, Кеңештин отурумунда кабыл алынган жана жалпы билим берүү
мекеменин жетекчиси менен макулдашылган иш-мерчемдердин негизинде иш алып барат.
5.4.Алдын алуу кеңешинин отуруму протокол менен тариздэлет.
5.5.Алдын алуу кеңешинин отурумдарынын аралыгында, 6 адамдан турган анын презиудиуму иш алып барат:
- төрага;
- төраганын орун басары;
- 3 комиссиянын өкүлдөрү;
- катчы.
Президиум кеңештин учурдагы ишмердүүлүгүн уюштурат, отурумга материалдарды даярдайт, учурдагы суроолорду ыкчам чечет, алдын алуу кеңеши кабыл алган чечимдерин көзөмөлдөйт.
Президиумдун чечимдери сунуштоо мүнөздө болот.
6. Алдын алуу кеңешинин жана анын мүчөлөрүнүн милдеттери.
6.1.Алдын алуу кеңешинин укуктары:
- кеңештин талкуусуна жеткинчектер менен байланышкан укук бузуучулук жана кылмыштуулук, көзөмөлсүздүктү алдын алуу боюнча суроолорду алып чыгат;
- жашы жете электерди, ата-энелерин жана аларды алмаштырган адамдарды, окуучулар арасында укук бузуучулук жана кылмыштуулук эскертүү максатындагы алдын алуу иштерин өткөрүү үчүн кеңештин отурумуна чакырат;
- жашы жете электердин окуусу, башкалар менен мамилеси, үй-бүлөөдө тарбияланышы, ата-эненин баланы тарбиядоодогу жана окутуудагы ролу тууралуу жалпы билим берүү мекемелеринин мугалимдер жааматынан маалыматтарды сурайт;
- жашы жете электер арасында укук бузуучулук жана кылмыштуулукту эскертүү максатында ЖИИ кызматкерлери менен бирдикте рейддик иш-чараларды өткөрөт.
- билим берүү мекемелеринин мугалим жамаатынын укук бузуучулук боюнча ишмердүүлүгүн угат.
6.2.Алдын алуу кеңешинин милдеттери:
- мугалим жамаатына ата-энелерге жана окуучуларга кеңештин ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтарды жеткизүү;
- жогору турган мекемелерге кеңештин ишмердүүлүгү тууралуу маалыматты компетентүүлүгүнүн негизинде жиберет.
7. Алдын алуу кеңешинин кабыл алынган чечимдердин таасирдүүлүгү.
7.1.Жашы жете электерге карата:
- жабырлануучуга өзү же коом алдында кечирим суроого милдеттендирүү;
- мектеп ичиндеги каттого алуу;
- жалпы билим берүү мекемесинин алдында сунуштоо:
а) эскертүү берүү,
б) сөгүш жана катуу сөгүш жарыялоо,

в) БИБКна сунуштоо жиберүү,
г) ЖИИге сунуштоо жиберүү.
7.2.Жашы жете электин ата-энелерине карата: - жалпы билим берүү мекемесинин алдында сунуштоо:
а) ата-энелерин мугалимдер кеңешине чакыруу,
б) БИБКна сунуштоо жиберүү,
в) ата-энелерге карата чара колдонуу максатында сунуштарды РИИБдерге жиберүү.
8. Кабыл алынган чечимдерди көзөмөлдө формасы
8.1.Кабыл алынган чечимдерди көзөмөлдөө формалары болуп:
- Кеңеште угузула турган мектеп ичинде жана ЖИИ кызматында каттоодо турган жеткинчектердин үй-бүлөөлөрүн текшерүү;
- ЖИИ кызматы, коомчулуктун өкүлдөрү менен бирдикте рейддик ишчараларды өткөрүү;
- жашы жете электердин оңолгондугун аныктоо үчүн кайра угуу;
- Кеңештин төрагасы (төраганын орун басары) менен укук бузуучу жана атаэнеси менен жеке маектешүүсү;
- көзөмөлсүздүк жана укук бузуучулукту эскертүү ирээтинде жооптуу болуп бекитилген адам тарабынан жеке көзөмөлдөө.
9. Алдын алуу кеңешинин номенклатуралык иштери
9.1.Жалпы билим берүү мекемесинин директорунун буйругуна ылайык номенклатуралык иштерди түзөт:
- окуу жылына карата иш-мерчем;
- отурумдун протоколдору;
- укук бузуучуларга карата сунуштар;
- маалымкаттар, жеке көзөмөлдөө жана рейддик иш-чаралар боюнча отчеттор;
- текшерүү актылары